# КЫРГЫЗ ТИЛИН ИТЕГРАЦИЯЛОО МЕНЕН ОКУТУУ

**ДООЛОТБАКОВА Р.Ж.**
*Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети*

**УДК. 371.3**

Кыргыз тилин жогорку окуу жайларында окутуунун сапатын жогорулатуу, өтүлүүчү сабактардын формасына, мазмунуна олуттуу өзгөрүүлөрдү киргизүү, сабак процессин азыркы мезгилдин талабына ылайык, кесиптик билим берүү муктаждыктарын чечүү инсандык касиетин калыптандыруучу компетенттүүлүктөрдүар бир сабакта ишке ашыруу милдети турат. Тил илими өз чегин кеңейтип, гуманитардык жана юридикалык илимдер менен жуурулушуп, интеграцияланып толукталуу аркылуу инсандан тартып ааламдык деңгээлге чейинки муктаждыктарды канааттандырууга багытталууга тийиш. Кыргыз тили сабагында башка предметтерди интеграциялоо терминдердин аталышын, сөздүн номинативдүү маансин гана тактабастан, ошол түшүнүккө кайсы илим кай тарабынан карай тургандыгын да айкындоого жетишет. Бул болсо түшүнүктүн лексикалык маанисин тактоо менен бирге студент-жарандардын илимий ой жорумуна стандарттуу эмес көз караштарды киргизүү менен жаңыча ой жүгүртүүгө багыт берет. Ошондой эле жалпы предметти интеграциялоо окуу процессинде студент-жарандардын ойлоо жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү үчүн да жагымдуу жана ылайыктуу жагдай түзгөндүк да болуп саналат.

Кыргыз тилин интеграциялоо менен окутуу - бул эне тилинде жандуу, маданияттуу сүйлөшүү, ой жүгүртүү, таанып -билүү аркылуу жеке көз карашын, ой-пикирин далилдүү жыйынтык чыгара алууга окутуу милдети. Сабакта мындай милдеттерди иш жүзүнө ашыруу интеграцияланган билим болуп саналат. ***Интеграция*** латын тилиндеги Integratio деген сөздөн алынып, «калыбына келтирүү», «толтуруу», «толуктоо» деген маанини туюнтат. Интеграция педагогикадагы жаңы көрүнүш, жаңы табылга эмес. Адам объективдүү дүйнөнү аңдап-билип түшүнө баштагандан тартып эле таалим- тарбия берүү иштерин интеграциялык негизде жүргүзө баштаган.

Азыркы педагогика илими билим берүү процессин уюштурууда интеграциялык көрүнүштү кенен жана конкреттүү жүргүзүүнү активдештирүү талабын коюуда. “Эне тилин окутууну элдик педагогиканын негиздерине , элдик педагогиканын каражаттарына таянуу, колдонуу менен жүргүзүүнү активдештирүү – кыргыз тилин окутууга коюлуп жаткан азыркы талаптардын маанилүүлөрүнүн бири. Элдик педагогика – бул элдин өзү, анын кечээкиси, бүгүнкүсү жана эртеңкиси”[1]

Кыргыз тилин окутууда илимий педагогика, элдик педагогика жана элдик тил илими интеграцияланышы, алардын жол жоболору, ык жолдору менен социалдык суроо-талаптар, студент-жарандын кызыгуусу ж.б. айкалышта колдонулушу зарыл. Кыргыз элдик педагогикасынын негиздери элдин каада-салтына, үрп-адатына, элдик улуттук оюндарында, өзгөчө элдик оозеки чыгармаларда берилип, сакталып, бакталып жана муундан-муунга ар түрдүү формада берилип келгендиги менен белгилүү. Ал эми элдик оозеки чыгармалардын элге кеңири тараганы, кыскалыгы жана нускалыгы, тактыгы жана таамайлыгы, эмоционалдуугу жана образдуулугу, таасирдүүлүгү жана тарбиялуулугу менен айырмалана тургандыгы макал-лакаптарда, накыл сөздөрдө, учкул сөздөрдө ж.б. да белгилүү. Алар ар кандай турмуштук кырдаалдарда адамдарга туура жол көрсөтүп туруучу акылдын кенчи. Макал-лакаптар, накыл сөздөр, учкул сөздөр – элдик педагогикалык зарылдыгынан жаралган, сүйлөө маданиятына үйрөтүүнүн куралы. Маданияттуу сүйлөшүү биргелешип иштөөнү, алдыга максаттарды коюп талкуулоону, ишке ашырууну уюштурууга жана коомдун татыктуу адамы, атуул катары калыптануусуна, интеллектисинин өнүгүүсүнө жардам берет. Студент-жарандарды коммуникативдик жактан даярдоонун маанилүүлүгүн психологдор эсептегендей, өз турмуш жолдорун кура билген адамдар эл алдында сүйлөгөндө

---

[1]Ж.Чыманов. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. 2009. 190-бет

толкундоолордон арылууга, өзүнүн оюнун тууралыгын далилдей алуу менен кайсы гана чөйрөдө болбосун ишенимдүү, эркин, өз алдынча сүйлөй билүүгө жетишишкен.

Юридикалык институтта билим алып жаткан келечектеги адвокаттарды, прокурорлорду, сотторду, юристтерди студент-жаран кезинен даярдоо менен айрыкча алардын кызыл таңдай (оратордук) жөндөмүн калыптандыруу зарыл. Себеби элдин тагдыры ошол адвокаттын чечендигине, далил, фактылар менен жүйөөлүү сүйлөөсүнө байланыштуу. Акыл калчап, мыкты маданияттуу сүйлөй билген адам ал акылдуу деп эсептелинет."Сөз адамдын акылынан чыгат. Өнөрдүн эң баалуусу – сөз өнөрү, сөз октон өткүр, кылычтан курч". Ал эми чыныгы акылмандык - акылман нускалар, куюлушкан ыргактар, макал-лакаптар, сөз берметтери, санат сөз, накыл кептер менен шөкөттөлүп турат. Маданияттуу сүйлөшө билүүгө үйрөтүү, студент-жарандарды юристтик башкаруу чөйрөсүндө жетекчилик кызматта иштегенде да өзгөчө маанилүү орунду ээлейт.

Юристтик кесип жалаң гана нравалык сапаттарды эмес, жалпы билимдерди билүүнүн да жогорку деңгээлин талап кылат. Белгилүү окумуштуу А.Ф. Кони белгилегендей: «Юристтин жалпы билими анын атайын билиминен ар дайым алдыда жүрүүгө тийиш».

Юрист көп учурларда конфеденциялдуу маектеш болуп саналат, бул болсо маданияттын эң жогорку деңгээлин талап кылат. Ар бир конкреттүү учурга карата сөздүн туура басымын таап сүйлөп, өз оюн эркин билдирүүсү өзгөчө зарыл. Ощондой эле ар бир юрист укуктук жана нравалык билимдердин пропагандисти болуусу абзел.

Сүйлөй билүү эл алдында чыгып эркин сүйлөө эзелтеден берки юристтин эң мыкты сапаты катары бааланат.

Тил – юристтин кесиптик куралы ал аркылуу, айтайын деген оюн так билдирет, ошондуктан юристтин сүйлөө маданияты анын практикалык ишмердүүлүгүндө эң курч жана актуалдуу маселе болуп саналат.

«… Азыркы учурда кыргыз сөзүнүн кутун, ажарын, назик ийкемдүүлүгүн жана терең ойлуулугун билүү бизге керек. Балким күнүмдүк жашообузда, ириде, акыл-оюбузду дагы байытууда, адеп-ахлагыбызды жакшыртууга жана журт, коом алдында адамдык парзыбызды аткарууга пайдасы тиер» - дейт К.Жусупов.

Ал эми сүйлөшүүнүн өзү – адамдын жаш курагына, билимине, маданиятына, түшүнүгүнө, акыл-эсине, атүгүл маанайына байланыштуу жүрүүчү өтөт татаал процесс. Ал процессти (сүйлөшүүнү) кандай жүргүзгөнүнө байланыштуу сүйлөөчүнүн ким экендигин билүүгө болот. Эгерде сүйлөөчү өз ой пикирин билдирүүдө сөз байлыгы аз болуп, өз сөзүндө макал-лакаптарды, учкул сөздөрдү, туруктуу сөз айкаштарын ж.б. колдонбой жупуну сүйлөсө, анын кеби кызыксыз болуп, угуучулар кызыкпай, сүйлөп жаткан адамдын өзүнө болгон сый-урмат да төмөн болот. Тескерисинче, пикир алышууда туруктуу сөз айкаштарын, салыштырууларды, накыл кептерди ыгы менен колдонуп айтылган кеп угуучуну өзүнө тартып, айтылып жаткан ой жеткиликтүү, кызыктуу жана элестүү болуп, айтуучуга болгон мамиле да жакшы жагына өзгөрөт. Ошондуктан кыргыз элинде «Тил – акыл-эстин сандыгы» деген макал айтылып калган.

Тилчи-окумуштуу Т.С.Маразыков макалдарды: «Түзүлүшү кыска, мааниси нуска, тоодой ойду томуктай сөзгө батырган, элдин чыгармачылыгын, акыл-эсин өстүрүүдө өтө кеңири колдонулган, байыркы көөнөргүс мурастар»[2] - деп баалап, макалдар өсүп келе жаткан жаш муундарды ата-бабалар тарабынан калыптанып келе жаткан сүйлөө маданиятына үйрөтүүчү окуу куралы деген тыянак чыгарат.

---

[2]Т.С.Маразыков.- I китеп. 2005.54-бет

Коммуникативдүү окутууга негизделген кыргыз тили сабагында илимий педагогика, элдик педагогика жана элдик тил илимин интеграциялоо жарандардын социалдык кызыкчылыгы болгон сүйлөшүүгө карата компетенттүлүгүн гана калыптандырбастан, ал инсанга багыттап билим берүүдө бир топ маселелерди чечүүгө жөндөмдүүлүгүн да арттырат.Ал ***ойлоонун ийкемдүүлүгү, тереңдиги,кенендиги, сынчылдыгы, ишенимдүүлүгү*** касиеттерин ичине алат.Макал-лакаптар, накыл сөздөр грамматикалык талдоонун предмети, ой-жүгүртүүнүн, таанып-билүүнүн булагы, талашып-тартышуунун, талкуунун предмети, жазуу жумуштарынын тексти, темасы, ой-пикирин айтуунун булагы болуп саналат. Студент-жарандар оозеки жана жазуу түрүндө текст түзө билүүгө жетишет, б. а. айтып же жазып жаткан ойдун башталышы, өнүгүшү жана аякташы боло тургандыгын бардык жерде айырмалап, ага туура келүүчү түшүнүктөрдү чагылдыра алышат. Миалы, Адамдын мыкты сапаттары, чындык тууралуу аалым Жусуп Баласагын:

Акыл сөз жана мыкты эмгек менен,
Эстелик калтырасың өчпөс терең.
Арзыгын Адам деген атка, Адам
Байлыкка намыс-арды сатпа. Адам.

***Жусуп Баласагын***

Чындык ачуу чыда ага сабыла,
Сүйүндүрүп тийет пайда жаныңа.
Адептүү, чынчыл болгун сен акыр,
Калпычыга эл ишенбейт таптакыр.
Адамзатты эки нерсе багыттайт,
Чындык сөзү эки нерсе карытпайт.

***Жусуп Баласагын***

Адамдын сөзү – анын күзгүсү, адеби, уяты, ар-намысы, жүрүм-туруму тууралуу Кыргыз эл акыныСооронбай Жусуев:

Эзелтеден сөздүн ийри, түзү бар,
Сергитээри же жагымдуу жүзү бар.
Сөздүн борпоң, катуусу бар таш сындуу,
Сөздүн тоону томкоророрлук күчү бар.

***Сооронбай Жусуев***

А.Акбаровдун «Адеп гимни» ыры элдик педагогикалык адеп-ахлакты чагылдырып турат.

Адамдын дилиндеги мөлтүр булак,
Адеп – бул бабалардан калган мурас.
Адебиң – жан дүйнөнүн күзгүсү ал,
Адеп – бул ким экенин айтып турат.

***Атантай Акбаров***

***Чындык жөнүндө кыргыз эл макалдары***

Чындык чынар болуп көгөрөт.
Жан эриткен жалган сөздөн
Ачуу болсо да чындык жакшы.
Жалган сөз жай таппайт.
Калпычынын казаны кайнабайт.
Чындыктан бийик нерсе жок.
Чындык жаркырайт,
Калп калтырайт.
Чынчыл калыс бол, чырдан алыс бол.
Чындык ачуу болот.
Чындык бар жерге береке келет.
Бакыт башаты чынчылдык.
Байлык башаты сабырдуулук.

**Адабияттар:**

1.Ж.Чыманов. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы.- Б., 2009. 190-бет.
2.Т.С.Маразыков.- I китеп. –Б., 2005.54-бет.